ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**ЭСЕНГЕЛДИЕВ Т.**
lib.knu@mail.ru

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨ УЛУТТУК МАМИЛЕЛЕРДИН БУЛУНУШУ ЖАНА АНЫ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ

Дүйнө тарыхында улуттар ортосундагы мамилелер ар түрдүү мазмундарда калыптанган: ынтымакта, достукта, туугандыкта, кадыреселикте, кайдыгерликте, айрым терс улутчулдукта ж.б. Улуттук мамилелерден келип чыккан улуттук маселелерде коомдо орун алган айрым проблемалар, анын ичинде ар улутка адам тукуму катары табигый тиешелүү кээ бир жага бербеген көрүнүштөр да жашоо-турмушта чагылып, ага аралашып билинет. Алар улуттук саясатта өз учурунда эске алынып, болтурбай жеңүү багытында акылдуу, билимдүү иш-аракет чаралар көрүлбөсө, терс улутчулдук, шовинизм, расизм идеологиялары жана саясаттары келип чыгат.

Кийинки убактарда Кыргызстандын түштүк зонасында дал жогоркулардай, бирок өтө жат көрүнүштөрдөгү улутчулдук мамилелер, аны менен кошо татаал улуттук маселелер келип чыкты. Сандаган кылымдар бою дос, тууган болуп ынтымактуу жашап келе жатышкан кыргыз, өзбек улуттарынын ортосунда 20 жыл аралыкта эки жолу кандуу коогалаң болуп өттү. Бул эки кагылушууда бардыгы 560 ка жакын адам шейит кетип, 2400 гө жакын адам жарадар, 50 гө жакын адам дайынсыз жоголгон. Көптөгөн турак жайлар, мекемелер, ишканалар, транспорттор талкаланып, өрттөлгөн.

Мындай катаал, ырайымсыз, үрөй учурган окуялардын чыгышына эмне себеп болду деген чоң суроо туулат.

Көрсө, бул эки кандуу жаңжалдын келип чыккан тамыры бир экен. Анткени биринчиси 1990-жылы июнь айында, экинчиси да 2010-жылы июнь айында болуп отурат. 2010-жылдагы окуялар 1990-жылдагыдай эле атайын түзүлгөн план боюнча кайталанган. Экөөндө тең коюлган эң негизги талабы да бирөө: Кыргызстандын түштүк зонасында "Ош автономиялык облусун" түзүү. Бул талапты көтөрүп чыккан өзбек улутунун улутчул лидерлеринин оюу боюнча мындай федерация региондогу улуттарда жетишпеген реалдуу тең укуктуулукту жана теңдикти жеткириштирип камсыз кылат экен. Бул коюлган талапты, максатты жогорку бийликтер аткарышпаса, анда, улутчул сепаратисттер, шовинисттер, расисттер өздөрү төмөнкүдөй жолдор менен аткарышат экен: теңдикке умтулган улутту козутуп козгоп, көтөрүлүшкө алып чыгып, ал улутка "кысым" көрсөтүп, "теңдикке" жеткирбей жаткан улутту жашаган жеринин кара күч менен кууп чыгып, каршылык көрсөтсө кырып чыгышат экен. Улуттар аралык эки жолку кан төгүшүү дал ушундай болду. Алар 1990-жылы бул максатка жетпей "жеңилип" калгандар "жеңгендерден" өч алуу керек деген идеяны ойлоп табышып, ал үчүн жашыруун даярдыктарды көрүшүп, биринчи кезекте өзбек улутундагы

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

граждандарды жашыруун куралдантып, жаңы 2010-жылкы "согушка" даярдашыптыр.

Ашынган улутчулдук кандуу жаңжалдардын чыгышына дагы төмөнкүдөй бир топ ар кандай деңгээлдердеги көңүл түшүргөн фактылар себеп болушкан: социализимди кайра курабыз деп атып "куурап" калуулар; СССРдин, КПССтин таркатылышы; коммунисттик идеологиянын четтетилиши; жетиксиз рыноктук жеке менчиктик мамилелердин үстөмдүк кылып орношу; коомдун бүт бойдон соода-сатыкка өтүшү (адамдын да сатыла башташы); СССРда жаңы калыптанган- улуттардын тарыхый социалдык жана интернационалдык жалпылыгы "Совет элинин" туура эмес деп танылышы; суверенитеттүүлүккө ээ болгон бир катар мамлекеттерде, анын ичинде Кыргызстанда башкаруучулардын коррупцияга батып, өздөрүнүн жеке баюу кызыкчылыгын эң жогорку максат кылып коюп, ага жетүү үчүн элдин, улуттун кызыкчылыгын соода-сатыкка айландыруулары; алардын профессионалдык жарамсыздыктары жана башкарууга жөндөмсүздүктөрү; улуттук мамилеге, улуттук маселеге, улуттук саясатка да терең көңүл бурулбай, биле албай, жөнгө сала албай коюулары; 1990-жылы республикада биринчи жолу бүлүнгөн улуттук мамилеге партиялык-мамлекеттик, идеологиялык, саясаттык талдоо жүргүзүлбөгөнү, күнөөлүүлөргө чара көрүлбөгөнү, жазаланбаганы; бул кесепеттерден улам улуттук сепараттык деструктивдик топтордун активдешүүлөрү; 2010-жылы 7-апрелдеги революцияда үй-бүлөлүк бийликтин "Ала-тоо" аянтында митингге чогулган элди снайпердик атууга алып, 90 го жакын жаш уландын канын төгүп, 500 гө жакын уланды жарадар, майып, мунжу кылып салганы, бул төңкөрүштөн кийин түзүлгөн Убактылуу бийлик дагы оперативдүү иштебей, шалакылык кылып жатканы, мунун натыйжасында 7-апрелдеги революциянын кесепеттерин 10-11-июндагы коогаланда пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилиши. Убактылуу бийликтин качкын кылмышкер К. Бакиевди Жалал-Абадда элге чыгып сүйлөгөндө, же Оштон чыгып сүйлөөгө аракет кылганда, кайтаруучулары менен кошо 90 уландын каны үчүн бир аз кан төгүп болсо кармай албаганы. Убактылуу бийликтин Жалал-Абад облусунун көмүскө губернатору атанган өзбек лидери, бай К. Батыровдун жүргүзгөн улутчулдук сепараттык иш-аракеттерин да токтото албаганы, парламенттик шайлоодо да партиялык лидерликке, партиялык тизмелерге

К.Бакиевдин "куйруктарын" киргизбей коё албаганы ж.б.у.с.

Эми бул региондо бүлүнгөн улуттук мамилени улуттук саясат аркылуу кайра кантип калыбына келтирүүгө болот деген дагы чоң суроо туулуп, жооп издетип, чечүүчү көйгөйлөрдү талап кылууда.

Адатта мындайча пайда болгон өтө оор, курч улуттук антагонизм улуттур ортосунда кайталап өч алып, кан төгүшкөн жаңжалдар аркылуу токтобойт, тескерисинче кайра күчөйт. Ошондуктан улуттук антогонизмди чечүүнүн негизги жолу улуттардын өз ара бири-бирине тыкыз жакындашып ыкташып, бири-бирине кучагын, койнун ачып, тегерек отурушуп, ак көңүлдөн, ак дилден сүйлөшүп, бири-биринин жан дүйнөсүнө кирип, бири-

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

бирин түйшөлткөн абалдарды, шарттарды, мүдөөлөрдү айтышып, ортого салышып, түшүнүшүп, бири-бирине ак жол каалашып, бири-бирин кечиришип, улам-улам алакага келишип, бири-бирине муюшуп жүрүп отурушуп, бири-бирин түшүнүшүп, бири-бири менен элдешишип, жарашышып, бири-бирине ысык көнүгүшүп, бири-бирине жагып, туура, төп келип макулдашкан бир маңыздуу пикирге, бүтүмгө, чечимге, бекем ширетилген келишимге-компрамисске келүү болуп саналат.

Жогоркудай багыттагы байланыштар, мүмкүнчүлүктөр, ымалалашуулар унутууга эң кыйын болгон антагонизмди, эс-тутумдарды, жандырылбастай болгон таарынычтарды, көңүл калууларды кайрадан ушулардай эле деңгээлдердеги унутууга эч болбой турган эң бийик, эң асыл эс-тутумдар, адамдын жарпын жазган эң кайрымдуу актылар менен калыбына келтирүүгө болот. Булар дагы жаңы ойлонуп табылган өтө кичипейил , өтө ысык, өтө сүйкүмдүү, өтө жагымдуу, өтө нурданган маңдай, кубаныч, өтө ынак баарлашуу, сырдашуу, өтө адамкерчилик сапаттар менен коштолуп эффект берет.

Мындай мамилелешүүлөр, албетте, биринчи иретте улуттардын күндөлүк турмуштук кызыкчылыктарынан, суроо-талаптарынан, материалдык керектөөлөрүнөн тартып, стратегиялык мүдөөлөрүнө чейин өз кучагына алат. Буларды да улуттарга абдан каалаган жана жаккан даражада ишке ашыруу абдан маанилүү.

Бул процесстерде улуттардын ээлик, тең укуктук, тең мамилелешүү психологиясы, тең көңүлдөштүк, тең сезимдүүлүк, тең каниеттүүлүк, тең топуктуулук сезимдери чоң роль ойнойт. Анткени, бул факторлор улуттун улуттук белгилери - жалпылык жери, жалпылык экономикасы, жалпылык тили, маданияты, мүнөзү менен табигый-тарыхый тамырлаш, киндиктеш, өмүрлөш болуп бекишкен. Улуттук белгилер улуттардын санына, сапатына жараша ар кандай эсепте, көлөмдө, мейкиндикте аларга тиешелүү болуп калыптанышкан. Ошондуктан улут аралык мамилелерде улуттук белгилерди теңдештирип кароого болбойт. Улуттук менчиктер, ата-бабалардан бери келе жаткан каада-салттар, мурастар ыйык сакталып, бркталып, кадырланып, урматталып, өнүктүрүлүшү керек.

Улуттук мамилелерде тигил же бул улут өзүнүн адамдык жакшы сапаттарын башка улуттукунан жогору, артыкча деп мактаса жана башка улуттун жакшы сапаттарын төмөн, начар деп кемсинтсе, одоно улутчулук болот. А чынында улуттун адамдык ар кандай сапаттары өзүнүн табигый жаратылышынын өзгөчөлүгүнө жараша келип чыгат. Ошондуктан улуттар бири-биринин табигый айырмасын жана табигый теңдигин, ошондой эле укуктук теңдигин терең аңдап билип, түшүнүп, эске бекем тутуп туруп, баарлашуулары жөндүү болот. Мындай мамилелешүүлөр – улуттар ортосунда чебер, кылдат, ийкемдүү, сыймыктуу, татыктуу, эркин ишенимдүү, боордошкон, чындалган ынтымакты түзүүдө өбөлгө болуп милдет аткарышат.

Жогоруда белгиленгендердей, кадимки накта улуттук мамилелерди калыбына келтирүүчү көйгөйлөрдү ар кандай баскычтардагы, формалардагы мамлекеттик, мамлекеттик эмес бийликтер, уюмдар, саясий партиялар милдеттүү түрдө ишке ашыруулары зарыл. Алар билгич, тапкыч, ыкмачыл, таяныч жол көрсөткүч, алдыга баштагыч болуулары керек. Улуттар ортосунда бейкут мүнөз, үзүлбөгөн үмүт, максат, ыйык ынтымак өкүм сүрүшүн эл акыны Э. Ибраев да мындайча тилеген:

Бир камчынын сабы болуп,
Бир сабактын даны болуп.
Бир тамырдын каны болуп,
Бир дененин жаны болуп,
Бүтүн болгун Кыргызстан!

Ооба, Кыргызстандагы кыргыз, өзбек бир бүтүн улут болгон жана болуп кала берет!

Илимий гипотеза боюнча улуттар алга карай боордошуп өнүгүп отуруп, алыскы келечекте улутсуз бир бүтүн адамзат болуп калышат. Бул жол мындайча элестетилет: ар улут дүйнөдө пайда боло баштагандан тартып эле коңшу улуттар менен өз ара табигый байланышта болот; ошону менен бирге ар улуттар өз алдынчалыгын, эркиндигин да сакташып, ички иштерине да кийлигишпейт; алардын өнүгүүсүндө бири-бири менен катышуулары, таасирденүүшүлөрү, тажрыйба алмашуулары да чоң роль ойнойт; бир мамлекетти түзгөн бирөңчөй улуттун да ички, тышкы мамилелери жана көп улуттуу мамлекеттин да ички, тышкы мамилелери улуттардын өнүгүп-өрчүшүн камсыз кылат; улуттук мамлекеттер бара-бара улам мурдагы жетишкендиктерине таянып өнүгүп отуруп, гүлдөп өскөн деңгээлдери менен бирге бири-бирине объективдүү табигый түрдө абдан жакындашат, биригишет; андан ары дагы көтөрүлүп, жаңы бийиктиктерге чыгып, куунаган мезгили менен кошо өз эрктери, өз калоолору боюнча бир мамлекет болуп кошулушат; дагы ар тараптуу өнүгүп отуруп, жаңы баскычтарга, секириктерге чыгышканда, бири-бири менен “камыр-жумур” болуп жуурулушуп “куюлушуп” кетишет; дагы чексиз прогрессивдүү өнүгүү процессинин кылда чокусуна жетишкенде, эң күчтүү өнүккөн бир бүтүн дүйнөлүк коом түзүлөт; ал коомдо улуттардын улуттук белгилери жалпы адамзатка тиешелүү жаңы белгилерге өсүп чыгып, улуттук белгилер билинбей калат, ошентип, алыскы келечекте эч бир жат көрүнүштөрү жок дүйнөлүк бийик бейкут коом келип чыгат. Улуттардын мындайча өнүгүүлөрүнүн негизинде Жер планетасында Бирдиктүү жана Бир Бүтүн Дүйнө системасын түзүүгө багытталган Ааламдашуу процесси жатат.



ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com